*Ош технологиялык университетининде бакалаврларды максаттуу түрдө даярдоо жөнүндөгү*

**КЕЛИШИМ**

*Ош шаары* «08» «02» 2022

Биз, Ош технологиялык университетинин ректорунун м. а. доцент Сагыналиев М. Ж., ОшТУнун Уставынын негизинде бир тарап жана

Кыргызтелеком ААК ЭЖОР Ноокен бөлүмү
(Ишкана, мекемелердин аталышы)

Джумагулов Нурлан Мырзабекович
(Ишкана, мекеме жетекчилери)

уставынын негизинде, экинчи тарап төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түздүк:

## 1. КЕЛИШИМДИН МАКСАТЫ

1.1 Ош технологиялык университетининде (мындан ары ОшТУ) 690300 **“Маалымат коммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары”** багыты боюнча бакалаврларды даярдоо, ишкана, уюмдар менен ОшТУнун байланыш тармактары жана телекоммуникация системалары (БТжТС) кафедрасынын окутуучуларынын чыгармачылык байланыштарын чыңдоо.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБООСУ

2.1 Түзүлгөн келишим сүйлөшкөн тараптардын узак мөөнөттөгү, жогорку кесиптеги адистерди даярдоо боюнча кызматташуусунун негизин түзгөн бөлүгү болуп эсептелет.

2.2 Тараптар келишимге макулдашылган кошумчаларды жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө акылуу.

2.3 Түзүлгөн келишим, тараптардын башка маанидеги келишимдерди түзүүсүнө жана башка тараптар (уюмдар) менен келишим түзүүсүнө тоскоол боло албайт.

## 3. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ:

### 3.1 ОшТУ БТжТС кафедрасынын милдеттенмелери:

3.1.1 Уставдын негизинде менен ар жыл сайын жогорку квалификациялуу бакалаврларды даярдап, аты аталган мекемеге вакансиялык жумуш орундарга орношуусун сунуштоо.

3.1.2 __________ мекемесинин адистеринин сунуштары боюнча студенттердин окуу программаларынын кээ бир бөлүктөрүнө, курстук иштерине, дипломдук иштерине маанилүү толуктоолорду киргизүү.

3.1.3 Түзүлгөн келишимдин негизинде өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикаларын өтөө үчүн 6 (алты) __________ жетекчисинин макулдугу менен жөнөтүү.

3.1.4 ОшТУнун бүтүрүүчүлөрү жумушка орношкон ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын адистери менен БТжТС кафедрасынын окутуучулары тарабынан түзгөн окуу-усулдук көрсөтмөлөрүн, окуу куралдарын талкуулоо.

3.1.5 Байланыш жаатындагы окуган студенттерге тийиштүү илимий иштерди жасоого: предметтик кружоктор, илимий лабораториялар, окуу полигондор жана өндүрүштүк адистер менен камсыздоо.

3.1.6 Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу максатында илимий семинарларды, төгөрөк столдорду, тренингдерди ишканалардын адистери менен бирге өткөрүп туруу.

## 3.2 Экинчи тараптын милдеттенмелери:

3.2.1 ОшТУнун БТжТС кафедрасына, экинчи тарап максаттуу түрдө мекемеге бакалаврларды даярдап берүү үчүн жыл сайын январь айында буюртмаларды берүү.

3.2.2 Ишканадагы өндүрүштүк актуалдуу маселелерин чечүү үчүн ОшТУнун БТжТС кафедрасынын профессордук окутуучулук курам менен бирдикте аныкталган, максаттуу теманын үстүндө иш алып баруу.

3.2.3 ОшТУнун маалымат коммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары адистигинин студенттерин өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикаларын сапаттуу өтөөсүнө жакшы шарт түзүп берүү жана ишканадагы алдыңкы адистерди устаттыкка дайындоо.

3.2.4 ОшТУнун жогоруда аталган адистигин бүтүп келген жаш адистерди кесиби боюнча вакансиялык жумуш орундарга орноштуруу.

## 4. КЕЛИШИМДИН МӨӨНӨТҮ:

4.1 Бул келишим мөөнөтсүз жана эки тарап кол койгон күндөн күчүнө кирет.

4.2 Бул келишим эки нускада түзүлүп, экөө тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

## 5. КЕЛИШИМДИН ӨЗГӨРҮЛҮШҮ ЖАНА БУЗУЛУШУ

5.1 Келишимге өзгөртүү киргизүү эки тараптын макулдашуусу менен тиркеме катары кирет.

5.2 Келишим тараптардын макулдашуусу боюнча бузулат. Келишим бузуу демилгесин көтөргөн тарап, ал жөнүндө экинчи тарапка бир айдын ичинде жазуу түрүндө билдирүүсү зарыл.

ОшТУнун ректорунун
а.и. [illegible]ыпгалиев М. Ж.

«08» «02» 2022

_______________

_______________

_______________

Фаизмогунбь Н.Н.

«08» «02» 2022